# ЗЭЭНДҮҮ БАЛДАРДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**СӨЗЖҮ З.**
*Х. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети*

**УДК:371:373.52**

## ЗЭЭНДҮҮЛҮКТҮ ӨЛЧӨӨ

### Жалпы Жөндөмдүүлүк

Эң алгачкы зээндүүлүк тести 1890-жылдары Альфред Бинет жана Т.Саймон тарабынан көчөдө калган балдардын арасында психологиялык жактан артта калгандарды таануу максаты менен даярдалган. Стэнфорд универститетинен Льюис Терман бул тестти абдан зээндүүлөрдү тандай ала тургандай кылып өнүктүргөн жана 1916-жылы биринчи стандарттык тестти *Stanford-Binet Intelligence Scale* (Стэнфорд-Бинет Зээндүүлүк Өлчөмү) деген ат менен тартуулаган. Бул тест азыркы күндө да көп колдонулган тесттердин катарын толуктайт. Мындан сырткары өзгөчө абдан жөндөмдүүлүктүн таанылуусунда *Wechsler Intelligence Scale for Children WISC-R* жана *WISC-111* (Балдар үчүн зээндүүлүк өлчөмү) көпчүлүк тарабынан билинип келет. Бул өлчөмдөр оозеки жана аткаруу менен байланыштуу жөндөмдүүлүктү өлчөйт жана орто эсеби 100, стандарт оомосу 15 болгон стандартташтырылган жалпы IQ упайын эсептейт [1]. Салттуу зээндүүлүк тесттеринде үч негизги жөндөмдүүлүк бар. Булар гуманитардык, так илимдер менен жана мейкиндик менен байланыштуу негиздер. Бирдей убакыт жана мейкиндикти колдонуу менен көптөгөн адамдар, мындайча айтканда топторду тестирлөө мүмкүнчүлүгү болгондуктан мындай тесттерди топтук тесттер деп да атап коюшат. Кай бир тесттерде адис тестирлөөчү жана талапкердин маңдай тескей болуусу жана ошону менен бирге талапкердин тест материалдарын колдонуусу аркылуу жооп берүү жөндөмдүүлүгү эсепке алынат. Мындай тесттерди жекече тесттер деп аташат.

## СЕБЕПТЕР

Жеке адамдын айырмалары менен байланыштуу болгон биринчи эмгектер абдан жөндөмдүүлүктү тукум куут (генетикалык) себептер менен байланыштыра турган болушса азыркы күндө дайындалган эмгектерде абдан жөндөмдүүлүктүн тукум куут (генетикалык) жана айлана чөйрө себепртеринин айкалышуусу акырында пайда болгону белгиленип келет [2]. Жөндөмдүүлүк тукум куут (генетикалык) жол менен өтөт жана ошондой эле көптөгөн изилдөөчүлөр, аны айлана чөйрө аркылуу өнүгөт деп ойлошот. Ата энелер, үй бүлөлүк чөйрө, курдаштар жана коомдук тажрыйба баладагы жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсүнө зор таасирин тийгизет [3].

## ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Тема менен байланыштуу адабиятта негизинен абдан жөндөмдүү балдардын башынан тартып өнүгүү баскычтарына адаттагы өнүгүү стандартына ээ болгондорго салыштырмалуу тезирээк жетишкендиктерине басым жасалат. Бирок абдан жөндөмдүүлүк түрлөрүнө жараша тез өнүгүү өзгөчөлүктөрү ар кандай болушу ыктымал жана өзгөчө бир тармакта абдан жөндөмдүү болгон баладан баардык өнүгүү тармактарында да ийгиликтүү болуусун күтпөө керек. Мисалы көркөм санат тармагында абдан жөндөмдүү болгон бала калган өнүгүү тармактарында стандарт ылдамдыкка ээ болуусу мүмкүн [4]. Абдан жөндөмдүү балдар жөндөмдүүлүктөрүнө жараша төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ болушат [5].

**Абдан жөндөмдүү балдардын өзгөчөлүктөрү:**

1 Абдан жөндөмдүү балдардын физиологиялык өзгөчөлүктөрү,
2 Абдан жөндөмдүү балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү,

3 Абдан жөндөмдүү балдардын социалдык өзгөчөлүктөрү,
4 Абдан жөндөмдүү балдардын жеке өзгөчөлүктөрү,
5 Абдан жөндөмдүү балдардын кесиптик өзгөчөлүктөрү.

**1 – Абдан жөндөмдүү балдардын физиологиялык өзгөчөлүктөрү**

Мындай балдар жалпысынан бойлору жана салмактары жагынан алып караганда курдаштарына салыштырмалуу чоңураак келишет. Бул балдардын чоңдугу төрөлгөндө эле байкалат. Мындай көрүнүш убакыт өткөн сайын улана берет. Жалпысынан алганда курдаштарына караганда тезирээк кадам шилтеп башташат жана кээ бир моторикалык кыймыл аракеттерди курдаштарынан тезирээк жасай башташат. Бирок кантсе да биз топ балдар жөнүндө сөз кылып жатабыз. Бул тармакта абдан жөндөмдүү болуу демек сөзсүз моторика жагынан да абдан жөндөмдүү болуусу керек экенин далилдебейт [6].

- ✓ Бирдей курактагы курдаштарына салыштырмалуу физиологиялык өнүгүү жагынан көз көрүнө артыкчылыкка ээ болушат,
- ✓ Денелериндеги баардык органдарынын ден соолугу курдаштарыныкына салыштырмалуу абдан жакшы болот. Ден соолуктарына кылдат мамиле жасашат. Ооруп калганда дароо чара көрүшөт жана ооруп калгандыгы тууралуу абдан аз арызданышат.
- ✓ Физиологиялык жактан артта калгандар өтө сейрек кездешет. Бир тобу көз айнек тагынышат жана көпчүлүгү тамак бездеринен операция болушат. Бул болсо аладрдын ден соолуктарына кылган мамилелеринин бирден бир көрсөткүчү катары эсептелинет.
- ✓ Далылары жана жамбаш сөөктөрү жазы, өпкөлөрүнүн бекемирээк болгондугу көрүлгөн.

**2 – Абдан жөндөмдүү балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү**

Абдан жөндөмдүү балдардын психологиялык жактан өнүгүүлөрү изилдөөгө алынганда оңой жана ылдам үйрөнүү өзгөчөлүктөрү болгондугу жана курдаштарына салыштырмалуу эртерээк сүйлөп баштшканы, сөз байлыктарынын өнүккөндүгү, билген сөздөрүн оңой жана орду менен колдонушкандары байкалган. Психологиялык жактан оңой эле жалпылай алышат, мамилелерди айырмалай алышат жана көп убакытка чейин эстеринде тута алышат. Маалыматты ар кандай абалдарга тууралай алышат. Кызыгуу тармактары абдан кенен болот. Көптөгөн окуялардан себебин түшүнүү максатында көп көп суроо сурашат. Оргигиналдуу ой пикирге ээ болушат жана жаратуучу ойлоно алышат. Бирок, абдан зээндүү балдардын жогоруда айтылып өткөн өзгөчөлүктөрдүн баарын бир убакта камтышы керек болбогондугун унутпашыбыз зарыл [7, 8].

- ✓ Адаттагыдан жогору психологиялык энергияга ээ болушат. Психологиялык жактан дайыма активдүү болууну каалашат [9].
- ✓ Сүйлөп жатканда ышараттарга жана физиологиялык кыймыл арекеттерди аз колдонушат. Сөздөрдү туура, так, орду менен жана шар айтышат. Сөз байлыктары кенен болот.
- ✓ Зээндүү сүрөттөө өзгөчөлүгүнө ээ болушат.
- ✓ Бир нерсени баалоо жана кайрадан жандандыруу өзгөчөлүгүнө ээ болушат.
- ✓ Өз ой пикирлерин билдирүүдө эркин сезишет жана өздөрүнө ишенимдери чоң болот.
- ✓ Ар кандай нерселерге кызыгышат. Көптөгөн нерселерди терең изилдөө жана үйрөнүүгө кызыктар болушат. Кээ бир атайын темаларга болгон кызыгуулары күчтүү болот. Бир гана адаттагы нерселер эмес, бирбирине терс болгон нерселерге да абдан кызыгышат [10].
- ✓ Эрте убакытта окуганга абдан кызыгышат. Окуганду кичинекейинен тартып үйрөнө алышат. Бул, абдан зээндүүлүктүн эң күчтүү көрсөткүчү деп эсептелет [11].
- ✓ Кыйын маселелерди чечкенден ырахат алышат, оңой жана үстүртөн болгон нерселерди жаман көрүшөт.

- ✓ Убакыттарын жана энергияларын абдан сарамжалдуу колдоно алышат.
- ✓ Жоопкерчилик сезимдери өнүккөн. Жоопкерчилик алууну каалашат жана орундатууну жактырышат [10].
- ✓ Эстетика жана теорияга умтулушат. Сулуу, жакшы нерселерди оңой түшүнүшөт жана баалашат.
- ✓ Профессионалдык кесиптерге кызыгышат. Мындай кесиптин ээси болуш үчүн даярданышат. Кесиптеринде сапаттуу болууга умтулушат. Бул максатка жетиш үчүн позитивдүү жана иштиктүү мамиле жасашат [12].
- ✓ Жогорку даражада болуулуры дайыма жана өмүр бою улана берет. Улгайып баратканда мындай өзгөчөлүктөрү азая баштайт [12].

**3 – Абдан жөндөмдүү балдардын социалдык өзгөчөлүктөрү,**

Курдаштары менен салыштырмалуу социалдык жактан тезирээк өнүгүшөт жана эртерээк балдар бакчасына бара ала турганчалык жетилишет. Жаңы жана ар кандай абалдарга ылдам көнүшөт. Топ ичинде башчы болушат, жоопкерчилик сезимине ээ болушат, окуя жана тамашалуу нерселерди айтып бергенди жакшы көрүшөт, мектепти жакшы көрүшөт, сабырдуу болушат, жамаат менен иштегенге жакын болушат, кыйын абалдардан чыгып кетүү алар үчүн бир оюн сыяктуу. Кызыктар болушат, көптөгөн суроолорду беришет, сезимдерин оңой түшүндүрүп бере алышат [6].

- ✓ Жалпысынан алганда тамашаларды түшүнүү, бир нерсенин тамаша жана чындык жактарын байкай алышат.
- ✓ Дос катары өздөрүнүн зээндүүлүк даражасына тең, кызыгуу тармактары окшош болгондорду тандай алышат. Негизинен курдаштарынын арасынан акылдуулары менен дос болушат.
- ✓ Башка балдар менен жакын дос боло алышат. Достукту көпкө чейин сактай алышат.
- ✓ Бир топтун ичинде сот же саясатчы катары билинишет.
- ✓ Жаңы социалдык абалга оңой көнүшөт. Чөйрөнүн социалдык кадырын ылдам түшүнүшөт жана мамилелерин ошого жараша ылайыкташтырышат.
- ✓ Жалпысынан ой пикир дүйнөсүндө оңой рискке барышат жана рискти жактырышат [10].

**4 – Абдан жөндөмдүү балдардын жеке өзгөчөлүктөрү**

- ✓ Өздөрүнө ишенишет, башкаларга тартуулай алчу көптөгөн жөндөмдүүлүктөргө ээ болушат, эркиндикти жакшы көрүшөт [12].
- ✓ Популярдуу (белгилүү) жана социалдык жактан өнүккөн болушат. Досторду оңой эле табышат. Чыныгы жана ишенимдүү болууну жактырышат. Достукту көпкө чейин сактай алышат жана ишенимдүү дос боло алышат [13].
- ✓ Жоопкерчилик алганды жана жоопкерчиликти эң жакшы аяктаганды жакшы көрүшөт. Анын үчүн болгон күч кубатын жумшашат [14].
- ✓ Бөлөктөр менен оңой биргелешип иштей алышат [14,10].
- ✓ Аракеттери күчтүү жана дайым болот [14].
- ✓ Оор басырыктуу болушат. Менменсигенди жактырышпайт.
- ✓ Жашоолору чечкиндүү болот. Жоош болушат [15].
- ✓ Жагымдуу болушат. Бөлөктөр мындай балдарды оңой эле кабыл алышат [16].
- ✓ Келбети боюнча сулуу, жылдыздуу, таза, тыкан жана тартиптүү болушат [14].
- ✓ Бөлөктөрдү оң жана жыйынтыктуу мамиле кылууга үндөшөт [13].

**5 – Абдан жөндөмдүү балдардын кесиптик өзгөчөлүктөрү**

Терман, абдан зээндүү балдардын келечекте тандай турган кесиптери, ишке ашырган кызматтары жана ушул кызматтарда жетишкен ийгиликтерди изилдөө менен ишенимдүү

натыйжага ээ болгон. Терман бул изилдөөнүн акырында кээ бир маанилүү өзгөчөлүктөрдү таап чыккан [16].

Мектепте окутулган темаларды үйрөнүүдө кээ бирөөлөр 2, кээ бирөөлөр 3, кээ бирөөлөр 4 класс жогору жаражага жетишишкен.

Универститетте окугандардын отуз пайызы ардак грамоталарына ээ болушкан. Алтымыш алты пайыза окууну бүтүрүп жатып иштеп кетишкен.

Догдур, инженер, доктор даражаларына ылайык илимий эмгектерди жазышкан, табигый илимдер, укук, химия, дарыгерчилик жана башка кесиптерди тандашкан жана ийгиликке жетишишкен. Аз бир бөлүгү жарым кесиптик иштерге орношушкан.

**Мындан сырткары назарга тете кээ бир өзгөчөлүк жана жөндөмдүүлүктөрү:**

Көркөм санат жана актердук жөндөмдүүлүктөр:

Бул жааттарда абдан жөндөмдүү болгон балдар сүрөт, музыка, драма, театр жана ушуга окшогон тармактардын бирөөндө же болбосо бир канчасында өзгөчө жөндөмдүүлүккө ээ болушат.

**Музыка:** Оригиналдуу обондорду жаратышат. Жакшы бир ритм сезимдери бар. Обон жана ритмдерди оңой эсте тутушат жана кайталай алышат. Сезим жана тажрыйбаларын билдириш үчүн музыканы колдонушат. Үн жана ноталарды оңой эле айырмалай алышат. Бир аспапта ойноо же болбосо аспапты жасоого абдан кызыгышат. Музыканын коштоосунда болгон бий жана драмалык акттарды жактырышат. Музыкадагы ар кандай темп жана сезимдерге жараша кыймылдашат жана музыканын коштоосунда болгон акттарды жактырышат. Музыка угуу жана обон чыгаруу үчүн мүмкүнчүлүк издешет.

**Драма:** Драма акттары менен алектенишет жана ырахат алышат.Ишарат жана мимикаларын таасирдүү колдонуу менен жана аңгеме айтып берүү менен көрүүчүлөрдүн купулуна толушат. Ички сезимдерин жүзү, ишараттары жана дене мүчөлөрүнүн кыймылы аркылуу билдире алышат. Роль аткаруу, жандандыруу жана башка бирөөлөрдү туурап кыймылдоодо адис болушат. Дененин тилин колдонуу менен пикирлерин кынтыксыз түшүндүрө алышат. Оригиналдуу оюндарды коюу аркылуу көрүүчүлөрдүн купулуна толгонду жактырышат.

**Санат:** Санат менен байланыштуу окуялар үчүн атайын убакыт бөлүшөт. Бир гана үйлөрдү, адамдарды жана гүлдөрдү эмес, ар кандай нерселерди жана окуяларды тартышат. Санатка чындап мамиле жасашат жана санатты жактырышат. Кыялдануу сезимдери абдан өнүккөн. Сезим жана тажрыйбаларын санат аркылу билдирүүдө ийгиликтүү болушат. Ар кандай аспаптарды жана ыкмаларды колдонуп көргөндү жакшы көрүшөт. Ылай, пластиллин, керамика, жана башка материалдарды колдонуу менен ар кандай нерселерди жаратканды жакшы көрүшөт. Башка адамдар уюштурган санат менен байланыштуу окуяларга катышуу үчүн убакыт бөлүшөт жана алар жөнүндө сүйлөшүүдөн ырахат алышат. Стилдүү, тең салмактуу жана бүтүндөй оригиналдуу нерселерди жасай алышат. Абдан жакшы байкоо жүргүзүшөт. Санат жөнүндө маалымат алганды жакшы көрүшөт жана көркөм санаттардын бөлөк тармактарында мындай тизмелерди жүргүзө алышат.

**Тыянак:**

Абдан зээндүү балдарды курдаштарынан бөлбөй туруп жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүш үчүн ар кандай билим берүү моделдерин ойлоп табуу жана мындай моделдерди өнүктүрүү керек. Абдан зээндүү балдардын жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүш үчүн колдонулган ар кандай билим берүү моделдеринде маселени чечүү, пландаштыруу сыяктуу башкаруу (лидерлик) функцияларын өнүктүргөн программаларды кошуу

зарыл.Айрыкча абдан зээндүү балдардын маселени чечүү же болбосо пландаштыруу боюнча колдонгон стратегиялары изилдениши абзел жана акр кандай билим берүү программаларын колдонуу менен бул балдардын өнүгүүсүнө салым кошсо болот.

**Адабияттар:**


1. http://www.ustunzekalilar.org/egitim-programlari/makaleler/(12.02.2013)
2. Moore, A. D. (1992), "Gifted and Talented Children and Youth". *Exceptionalities in Children and Youth.* Editör: Lyndal Mc Bullock. U.S.A: Allyn and Bacon Inc. s. 420-448.
3. Culalta, R. A., Tompkins. J. R. (1999). *Fundamentals of Special Education What Every Teacher Needs to Know.* New Jersey: Prentice Hall Inc. Simon & Schuster / A Viacom Company s. 373-410.
4. Tuğrul, B. (1994). "Okul Öncesi Dönemde Üstün Yetenekli Çocukların Tanınması ve Eğitimleri". *Okul Öncesi Eğitimcileri için El Kitabı.* Editör: fiule Bilir.İstanbul: YA-PA Yayn Pazarlama Sanayi Ltd. fiti. s. 152-159.
5. Kitano, M. K, Kirby, D. F. (1986). Gifted Education A Comprehensive View. U.S.A:Little, Brown & Company Ltd. s. 67-87.
6. Roedell, W. C.,Jackson, M. E., Robinson, H. B. (1980). Gifted Young Children,Teachers College Press, NewYork.
7. Özsoy, Y., Özyürek, M., Eripek, S. (1988). *Özel Eğitime Giriş,* Karatepe Yayınları, Ankara. 140 s.
8. Özsoy, Y., Özyürek, M., Eripek, S. (1992). The National Association for Gifted Children, *Özellikli Çocuğa Yardım,* Çev: Nihan Büyükseser, Candan Eriş, Merküri Yayıncılık, İstanbul. 160 s.
9.